# Кыргызстандын Кызыл Китеби

Тоолордун жаратылышын сактоого жардам берген жаштар жана ар бир адам үчүн китепче



Ош Орхус Борбору жана Zoi экологиялык тармагы (zoinet.org) тарабынан CEPF Фондунун (cepf.net) колдоосу менен даярдалган.

Түзүүгө катышкандар: Каныбек Исабаев, Гамал Соронкулов, Александра Поварич, Дина Адылова, Виктор Новиков

Түзүүчүлөр бул китепченин материалдарын Кыргызстандын активдүү жаштары, коомдук экология-лык бирикмелер, мектептер жана колледждер жергиликтүү бийлик органдары жаратылышты коргоо максатында пайдалана алышат деп ишенишет.

# Мазмуну

Кызыл китеп эмне үчүн пайда болгон? . . . . . 3
Кыргызстандын Кызыл китеби . . . . . 4
Кызыл китепте эмне деп жазылган. . . . . 5
Кызыл китепке кирген илимий белгилер . . . . . 6
Канткенде жаныбарлар, канаттуулар жана өсүмдүктөр Кызыл китепке кирсе болот? . . . . . 7
Сейрек кездешүүчү жаныбарларды коргоо үчүн мамлекет эмне кылып жатат? . . . . . 8
Жаштар жаратылышты сактап калуу үчүн эмне кылса болот? . . . . . 9

# Кызыл китеп эмне үчүн пайда болгон?

**Кызыл китеп** — бул жаныбарлардын, канаттуулардын жана өсүмдүктөрдүн сейрек кездешүүчү жана жоголуп бара жаткан түрлөрүнүн тизмеси. Ал биринчи жолу **1963** жылы **Жаратылышты Коргоо боюнча Эл-аралык Союз (МСОП)** тарабынан басылып чыккан. Эл аралык кызыл китеп дайыма жаңыланып турат (iucnredlist.org), аны окумуштуулардын топтору түзөт. Кыргызстандын өзүнүн улуттук Кызыл китеби бар жана эл аралык китепке катышууда.




## Орто Азиядагы Туран жолборсунун жок болушунун мисалы




20 кылымдын башында, 100 жыл мурун, Амударыянын жайылма токойлорунда жана камыштарында жолборстор болгон.




Аңчылык жана жашоо чөйрөсүнүн кыскарышынан улам, кылымдын орто ченинде жолборстор көрүнбөй калган.




Кылымдын аягында Туран жолборстору жок болуп, жайылма токойлор менен тогай бугулары жоголуп кетүү коркунучунда калган.

# Кыргызстандын Кызыл китеби

wildlife.caiag.kg

1985 — Биринчи басылышы

2006 — Экинчи басылышы

2019 — Электрондук маалымат базасы

Сүт эмүүчүлөрдүн 23 түрү

Балыктын 7 түрү жана амфибиялардын 2 түрү

Өсүмдүктөрдүн 83 түрү
Козу карындын 4 түрү

Канаттуулардын 57 түрү

Сойлоочулардын 8 түрү

Муунак буттуулардын 18 түрү

Кызыл китепке кирген жаныбарлардын, канаттуулардын жана өсүмдүктөрдүн түрлөрүн кармап, жок кылуу үчүн чоң айып салынат



Сейрек кездешүүчү жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү коргоо үчүн коруктар, улуттук жаратылыш парктары жана резерваттар түзүлөт. Окумуштуулар сейрек кездешүүчү өсүмдүктөрдүн уруктарын жана гербарийлерин чогултушат жана аларды ботаникалык бактарда өстүрүшөт. Питомниктерде канаттуулардын жана жаныбарлардын сейрек кездешүүчү түрлөрүн багышат, андан кийин аларды жаратылышка кое беришет.

# Кызыл китепте эмне деп жазылган

## Ак илбирс



Жаныбардын көрүнүшү



Жайылуу картасы

CR Сакталуу статусу



250 Саны

### Түрүнө таасир этүүчү себептер жана факторлор



Браконьерлик



Жашоо чөйрөсүнүн кыскарышы

### Коргоо жана багуу борборлору



Ысык-Көлдүн аймагындагы NABU питомниги, зоопарктар

### Коргоо чаралары



Аңчылыкка жана кармоого тыюу салынган



Жаңы коруктарды түзүү



Коомчулук менен иштөө

### Жашоо образы

Вертикалдуу көчөт

Күүгүмдө аңчылык кылат



Жашыруун жүрөт

# Кызыл китепке кирген илимий белгилер




*Улуттук жана эл аралык кызыл китептеги (МСОП / IUCN) түрдүн сакталуусу ар кандай болушу мүмкүн. Бул, түргө коркунуч туудурган жагдайга же өлкөдөгү түрдүн саны окумуштуулардын айтымында дүйнөлүк кырдаалдан айырмаланганына байланыштуу болот. Айырмачылыктардын мисалдары жылдызча менен белгиленген. Түрдүн абалы убакыттын өтүшү менен жакшы же жаман жакка өзгөрүшү мүмкүн.*

# Канткенде жаныбарлар, канаттуулар жана өсүмдүктөр Кызыл китепке кирсе болот?





Жаныбарлардын жана канаттуулардын түрлөрүнө мыйзамсыз аңчылык кылуу жана кармоо алардын жок болушуна алып келет.

Жаныбарлар менен канаттуулардын табигый чөйрөлөрүнүн кыскарышы, климаттын өзгөрүшүнүн таасири алардын санынын азайышына алып келиши мүмкүн.



Өсүмдүктөрдүн айрым түрлөрү малды интенсивдүү жаюудан тебеленип, желгендиктен Кызыл китепке киргизилген.

Дагы бир себеби кооз сейрек гүлдөрдү же дары өсүмдүктөрдү чогултуу болушу мүмкүн.



Жаныбарлардын, канаттуулардын жана өсүмдүктөрдүн кээ бир түрлөрү уникалдуу болуп, бир жерде гана болот. Алар эндемиктер деп аталып, коркунуч жаралганда Кызыл китепке кирет.

# Сейрек кездешүүчү жаныбарларды коргоо үчүн мамлекет эмне кылып жатат?



Кыргызстанда корголуучу жаратылыш аймактарынын тармагы бар, бардык негизги жана эң баалуу жаратылыш аймактарын камтыйт. Бул жерде жаратылышты илимий изилдөө жана катуу көзөмөл жүргүзүлөт.

Колдонуудагы корголуучу жаратылыш аймактары




Жоголуп бараткан түрлөр атайын питомниктерде жана коруктарда болот



Мамлекеттик экологиялык инспекторлор жана коомдук активисттер тартип бузгандарды аныктап, кармашат



Мал жаюунун интенсивдүүлүгү жана убактысы жөнгө салынып, жаратылыш ресурстарын пайдаланууга уруксат берилет



Илимий изилдөөлөр жана экологиялык мониторинг жүргүзүлүүдө




Мыйзамдар жана стандарттар түзүлүп, аларды сактабаганы үчүн айып пул төлөнөт



Ботаникалык бактарда жана коруктарда сейрек кездешүүчү өсүмдүктөр корголуп, гербарийлер жана генетикалык ресурстардын банктары түзүлүүдө

# Жаштар жаратылышты сактап калуу үчүн эмне кылса болот?



Жапайы жаратылыш тууралуу китептерди окуп, тасмаларды көрүп, кызыгуу



Ойлоп табуу, сүрөт сынактарына катышуу



Ойлоп табуу жана экологиялык акцияларга катышуу



Жаратылыш парктарына жана экскурсияларга баруу



Чоңдор үчүн жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн сейрек кездешүүчү түрлөрү боюнча спектаклдерди уюштуруу




Блог түзүп, алып баруу, жаратылыш жөнүндө окуяларды жана китептерди жазуу

## Жашоону жана жаратылышты сактап калууга жардам бергениңиз үчүн рахмат!









